# ПОЭЗИЯ

## “КАНДАЙ ЖЕРДЕ, КАНДАЙ ҮЙДӨ ӨСКӨНСҮҢ, КАНЧА КӨЗДӨН КАНТИП АМАН ӨТКӨНСҮҢ...”

*УЛУКБЕК МАМЫТОВ*



### БАКТЫЛУУМУН ТҮГӨНГҮС

Үйдө жетөө, төрдө толо жатабыз,
Бул балдарга апа жана атабыз.
Келечекте ким болот деп кимиси,
Турмуш калчап, терең ойго батабыз.

Мен ойлоймун, алсын өнөр кесибин,
Жамандыкка жолотпоймун эч кимин.
Азырынча эсен турсак баарыбыз,
Өлчөөсү жок зор бакыттын ээсимин.

Курсак ачтык, жетишпестик кеп эмес,
Утурумдук жетөөбүз тең түгөлбүз.
“Жамандыкты жеңет дайым амандык”,
Ошондуктан бактылуумун түгөнгүс.

### УЙКУДАГЫ КЫРГЫЗДАР

Оорукана, коңурукту кош тартып,
Ормон жатат. Канатбеги бош тартып.
Буркапбектин мурутары сербейип,
Бал уйкуда ал экөөнөн жоош тартып.

Сөз мында эмес, төркүнү төп бул кебим.
Уктап жатат, уктап жатат бүт элим.
Маарып кээси байлыгына чиренип,
Карөзгөйлөр чукуйт мээсин бирөөнүн.

Майда-чүйдө гөр тирчилик сөз болот,
Саймедирен саясаттар козголот.
Ыйман, нысап көмүскөгө бекинип,
Унутулган... акыл-эсти козгомок.

Уктап жатат Осмон, Канат, Буркандар.
Уктап жатат, бүткүл кыргыз, бүт балдар.
Азырынча элден мурда ойгонгон,
Соодагерлер, алкаш жана хулигандар...

### АК-БУУРА АВАНДАРЫ

*Акын Абдирашит Ырбаевге*

Капчыгайда булак көзү бүлкүлдөп,
Келет суулар келиндердей сүлкүлдөп.
Буркан-шаркан дайралардан бириккен,
Ак-Буура агат Папан ылдый күрпүлдөп.

Кээде жайлап, кээде кайра шар агып,
Өмүр берип туш тарапка таралып.
Боз талаалар жашылданып жасанат,
Чаңкаган жер суудан жутуп кан алып.

Суусуз жашоо болбогондой ааламда,
Ырсыз өмүр сүрө албайт адам да.
Ак-Бууранын аванына шыктанып,
Ушул акын таазим этти каламга.

Ак-Буура ырдайт назик жанды жыргатып,
Аны менен Абдирашит сырдашып.
Ак-Буурадай келе жатат ал акын,
Ак-Бууранын аваны деп ыр жазып.

Кирген кезде Ак-Буура суу буралып,
Жээктерин тээп агат чыңалып.
Ак-Бууранын авандарын ырдоого,
Ак-Буурадай талант гана ылайык.

### КӨЗ КАРАШ

Сүйлө бийкеч, мен сүйлөбөй турайын,
Сен сүйлөсөң мен үн катпай угайын.
Көз карашың мынча адамга мээримдүү,
Сөзүң даары, үнүң неге муңайым.

Кандай жерде, кандай үйдө өскөнсүң,
Канча көздөн кантип аман өткөнсүң.
Тоңуп калган муз сезимди ээриткен,
Сен мен үчүн аптабымсың, көктөмсүң.

Шаарда, чөлдө, тоодо мейли айылда,
Болгум келет, жүргүм келет жаныңда.
Ал анткени жашап калды түбөлүк,
Көз карашың көөдөнүмдө, канымда.

Жаша жашоо! Жаша мээрим, көз караш,
Көз караштар жашты, даңкты ылгабас.
Көз караштар көкөлөтүп туу кылып,
Көз карашып түбөлүккө бирге бас.

### СЕНДЕЙ ЖАШЫЛ ТАБЫЛБАС

(К-гө)

Кышын-жайын жапжашыл,
Дейсиң дайым арчаны.
О жароокер сен асыл,
Суктантkансың канчаны...

Ак аралап чачымды,
Барат дейсиң ар убак.
Карысаң да жаштыгың,
Көңүлүңдө көгөрөт,
Кеткен эмес арылап.

Улгайсам да мен өзүм,
Жүрөм ичтен жашарып.
Билсең боло сен өзүң,
Жашылдыкты, жаштыкты
Сезимдерден ачалык.

Карып, арып барсак да,
Сенде дагы көңүл жаш.
Көздөрүңдөй ойногон,
Ошон үчүн көңүл мас.
Оо секетим мен үчүн,
Сендей жашыл табылбас.